УДК: 37.013
DOI: 10.35254/bsu/2023.65.01

Абдыракунова Ж., Сагындыкова Д.
К. Карасаев атындагы БМУ

## БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН АТА-ЭНЕЛЕРИ МЕНЕН МУГАЛИМДИН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

**Кыскача мазмуну:** Макалада мугалимдин башталгыч класстын ата-энелери менен, дегеле үй-бүлө менен биргелешип иш алып баруусу жөнүндө баяндалат. Мугалимдин башталгыч класстын ата-энелери менен биргелешип иштөө ишмердүүлүгү – мектептин жана ар бир мугалимдин ишиндеги актуалдуу көйгөйлөрдүн бири. Ата-энелер менен, анын ичинен башталгыч класстын ата-энелери менен, иштөө мугалимдин эң татаал педагогикалык ишмердүүлүгүнүн бири болуп саналат. Бүгүнкү күндө мектеп менен үй-бүлөнүн өз ара аракеттенүүсүнүн зарылчылыгы жана маанилүүлүгү айдан ачык. Баланын жетишкендиктеринин ийгилиги анын өнүгүшүнө ким жана кандай таасир тийгизгенинен көз каранды. Бала убактысынын көбүн мектепте жана үйдө өткөрөт, андыктан мугалимдер менен ата-энелердин биргелешип иштөөсү бири-бирине карама-каршы келбей, бала тарабынан позитивдүү жана активдүү кабыл алынышы маанилүү. Мугалимдер жана ата-энелер союздаш жана пикирлеш адамдар болуп калышса, алар билим берүүнүн маселелерин кызыккан жана макулдашылган түрдө чечишсе, бул сөзсүз түрдө ишке ашат.

**Түйүндүү сөздөр:** мугалим, ата-эне, ишмердүүлүк, окутуу, тарбиялоо, үй-бүлө, мектеп, класс, билим берүү.

Абдыракунова Ж., Сагындыкова Д.
БГУ им. К. Карасаева

## ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ РОДИТЕЛЕЙ И УЧИТЕЛЕЙ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ

**Аннотация:** В статье рассказывается о том, как педагог работает вместе с родителями начальной школы и семьей в целом. Деятельность учителя, работающего совместно с родителями начальных классов, является одной из актуальных проблем в работе школы и каждого учителя. Работа с родителями, в том числе с родителями начальных классов, является одним из самых сложных педагогических направлений деятельности учителя. Сегодня очевидна необходимость и важность взаимодействия школы и семьи. Успешность достижений ребенка зависит от того, кто и как влияет на его развитие. Ребенок большую часть времени проводит в школе и дома, поэтому важно, чтобы сотрудничество педагогов и родителей не было противоречивым и воспринималось ребенком положительно и активно. Это обязательно произойдет, когда учителя и родители станут союзниками и единомышленниками, заинтересованно и скоординированно занимающимися вопросами образования.

**Ключевые слова:** учитель, родитель, деятельность, учение, воспитание, семья,

школа, класс, образование.

**Abdyrakunova Zh., Sagyndykova D.**
**BSU named after K. Karasaev**

## ACTIVITIES OF PARENTS AND TEACHER OF PRIMARY SCHOOL

**Abstract:** The article describes how the teacher works together with the parents of the elementary school and the family in general. The activity of a teacher working together with parents of primary school is one of the actual problems in the work of the school and every teacher. Working with parents, including elementary school parents, is one of the most difficult pedagogical activities of a teacher. Today, the necessity and importance of interaction between school and family is obvious. The success of a child's achievements depends on who and how they influence his development. A child spends most of his time at school and at home, so it is important that the cooperation of teachers and parents is not contradictory and is positively and actively received by the child. This is bound to happen when teachers and parents become allies and like-minded people, who deal with educational issues in an interested and coordinated manner.

**Keywords:** teacher, parent, activity, teaching, upbringing, family, school, class, education.

Азыркы учурда мектептин үй-бүлө менен биргелишип иштөө ишмердүүлүгү актуалдуу жана талап кылынган көйгөй болуп саналат, себеби тарбиялоо маселелерин ийгиликтүү чечүү ата-эне менен мектеп өз ара аракеттенгенде гана мүмкүн болот. Мектеп менен үй-бүлөнүн биргелешкен иши, эгерде алардын кызматташтыгы күнүмдүк практикада ишке ашса, мугалимдер менен ата-энелер жалпы милдетти биргелешип чечкенде: баланын ийгиликтүү жана гармониялуу өнүгүшү үчүн шарттарды түзсө, натыйжалуу болоору анык.

Үй-бүлө жана мектеп инсандын балалык жана өспүрүм курактагы социалдаштыруунун эки негизги жана бирдей субъектти болуп саналат. Мектеп менен башталгыч класстын ата-энелеринин өз ара мамилелери жөнүндө сөз кылып жатып, биринчи кезекте алар тарбиялык иш-аракеттерде өз ара байланыш, бири-бирин толуктоо принциптерине негизделиши керектигин белгилей кетүү абзел. Функцияларды чектебей, үй-бүлөнүн жоопкерчилигин төмөндөтпөстөн, ага педагогикалык кадрларды тартуу менен окуу-тарбия процессин тереңдетүү – билим берүүнүн жана тарбия берүүнүн сапатын жогорулатуунун бирден-бир туура жолу. [1]

Биздин оюбузча, окутуу, тарбиялоо процесстеринде мугалим менен окуучулардын өз ара аракеттенүүсүнүн натыйжалуулугу мугалимдин башталгыч класстын ата-энелери менен кызматташуусунан түздөн-түз көз каранды. Башталгыч класстын ата-энелери менен биргелешип иштөө процессинде мугалим баланы тарбиялоодо өзүнүн ролун түшүнөт. Ата-эне менен кызматташуу баланы жакшыраак таанып-билүүгө, аны ар кандай

өңүттөн жана позициядан кароого, ар кандай кырдаалдарда, жекече өзгөчөлүктөрүн жана аракеттерин көрүүгө мүмкүндүк берет.

Үй-бүлө бала үчүн анын инсандыгынын өнүгүү жолун аныктаган маанилүү чөйрө болуп саналат. Ата-эненин мээрими балага жашоону колдоо, психологиялык комфорт жана эмоционалдык коргоону камсыз кылат. Баланы мектепте окутуу процесси биринчи кезекте анын жалпы маданий жана инсандык өнүгүүсүнө багытталган үй-бүлө тарабынан колдоого алынууга тийиш. [2]

Мектептин башталгыч класстын ата-энелери менен ишмердүүлүгү педагогикалык жардамдын үч негизги компонентин камтыйт:

• билим берүү (балдарды окутууда жана тарбиялоодо ата-энеге жардамды камтыйт);

• психологиялык (социалдык-психологиялык колдоону жана коррекцияны камтыйт);

• медиация (үй-бүлөлүк билим берүүнү уюштуруу, координациялоо жана маалымдоо боюнча жардамды камтыйт).

Көптөгөн изилдөөлөр көрсөткөндөй, бардык эле ата-энелер балдарын кантип тарбиялоону билишпейт. Ушуга байланыштуу төмөнкү себептерди бөлүп көрсөтүүгө болот: үй-бүлөдө балдардын аз болушу алардын бир тууғандарын багуу жана тарбиялоо боюнча практикалык көндүмдөрүнүн, үй-бүлөлүк мамилелерде тажрыйбасынын жоктугуна алып келет; кээ бир үй-бүлөлөрдө элдик педагогиканын салттары такыр жоголду; үй-бүлөдө пайда болгон социалдык-экономикалык кыйынчылыктар, үй-бүлөнүн материалдык жактан коопсуздугу, үй-бүлө ичиндеги эмоционалдык маанайдын деңгээлин төмөндөтөт, анын себебинен үй-бүлөдө чыр-чатактар күчөйт, ата-энелер менен балдардын ортосундагы мамилелердин начарлашына алып келет; акыркы мезгилдерде ата-энелер жумушта көп убакыт өткөрүшөт.

Демек, окутуу, тарбиялоо процесстеринде башталгыч класстын ата-энелеринин активдүү катышуусу үчүн мугалим үй-бүлө менен биргелешип иш алып баруунун натыйжалуу формаларын тандап, аларга баланын өнүгүү этаптары жөнүндө ишенимдүү жана толук маалымат бериши керек. Ошентип, башталгыч класстын мугалиминин үй-бүлө менен биргелешип иштөөсүнүн төмөнкү формаларын атап көрсөтсөк болот:

ата-энелер менен жолугушуулар (консультациялар, тренингдер, мастер-класстар, тегерек столдор);

• баланын окуу-тарбия иштеринин жүрүшү, жетишкендиктери, милдеттери жөнүндө маалымат берүү;

• жалпы мектептик жана класстык ата-энелер чогулуштары;

• ата-энелер комитетин түзүү;

• ата-энелер үчүн конференцияларды өткөрүү;

• темалар боюнча чыгармачылык сынактарды уюштуруу ж.б.

Башталгыч класстын ата-энелеринин мектепке болгон канааттануусун билүү максатында, ата-энелер арасында сурамжылоо жүргүздүк. «Үй-бүлө менен мектептин кызматташтыгы» методикасы колдонулган. Методология ата-энелердин мектеп менен кызматташуудан оң жактуу, жакшы нерселерди ачып берет. Эсептөөдө оң жооптордун саны гана эске алынды. Бул жыйынтыктарга таянып, биз төмөнкү тыянактарды жасадык:

• башталгыч класстын ата-энелеринин мугалим менен иштөөдөгү күтүлгөн жыйынтык тастыкталды – 45%. Ата-эне өз баласын тарбиялоодо мугалимине толук ишенет, мектепте жана класста жүргүзүлүп жаткан иш-чараларды жактырат, ошондой эле баланы тарбиялоодо мугалимдин жардамы зарыл деп эсептейт;

• мектеп менен мындан ары да биргелишип иштөөгө кызыкдар – 25%. Ата-энелер дайыма чакыруусу жок эле мугалимге кайрыла алышат жана ата-энелер чогулушу - бул пикирлештердин чогулушу атай алышат.

• ата-энелердин активдүүлүгү – 23%. Ата-энелер дайыма ата-энелер чогулушуна барышат, эгерде алар аны өткөрүп жиберсе, жүйөлүү себептер менен гана боло тургандыгы белгиленет;

• класс жетекчиси менен биргелешкен иш-чараларга катышпайт - 7% Ата-энелер ата-энелер чогулушун аргасыздан өткөрүү зарыл деп эсептешет жана классты оңдоодо материалдык жактан гана жардам берүүгө даяр.

Ошентип, изилдөөнүн жүрүшүндө биз тарабынан алынган жыйынтыктар башталгыч класстын ата-энелеринин көпчүлүгү мектептин ишине канааттанганын, бирок бардык эле ата-энелер мугалим менен биргелешкен иш-чараларга тартылбаганын тастыктайт. Бул ата-энелер менен башталгыч класстын мугалими биргелешкен иш-чараларын өз убагында тарта албаганын билдирет.

Демек, жыйынтыктап айтсак, окутуу, тарбиялоо процесстеринде үй-бүлө менен мектептин биргелешип иштөөсү инсандын өнүгүүсүндө жана калыптанышында чоң роль ойнойт. Үй-бүлө менен мектептин биргелешип иштөө маселесин чечүү, алардын кызматташуусу күнүмдүк практикада ишке ашканда, мугалимдер менен ата-энелер жалпы маселени биргелешип чечкенде чечилет: алар баланын ийгиликтүү жана гармониялуу өнүгүшү үчүн шарттарды түзүшөт.

**Адабияттар**


1. Крившенко Л.П. Педагогика: учеб. / [и др.]; под ред. Л.П. Крившенко. – М.: Проспект, 2009.
2. Прокопьева М.М. Психология семьи: учеб. пособие для студ. высш. учеб. заведений / М.М. Прокопьева, М.Д. Находкина. – Якутск: Издательский дом СВФУ, 2013.

3. Акутина С. П. Воспитание — семья и школа // Классный руководитель. — 2014. — № 7.
4. Горлова Е. В. Настольная книга классного руководителя начальной школы. — М.: Феникс, 2010.
5. Криволапин Н. С., Заводова Т. Е., Минич О. А. В помощь классному руководителю. — М.: Метафора, 2007.